**КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300 Кара-Суу ш., Завод к. 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

723300 г.Кара-Суу, ул.Заводская 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

# №19 ЧЕЧИМ

2021-жылдын 11апрели Кара-Суу шаары

Катышышты:
Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов,
Кара-Суу АШКнын катчысы – Ж.Молдожанова
мүчөлөрү - Султанов Н., Мойдунов Т., Раева Ы., Кадыров К., Таев А., Карабаев Т., Абдраимова Э., Абдурасулов М., Айдаров М., Мамашев М., Акимбаев С., Абдилла к. А.

**Күн тартиби:**

1. **Кызыл-Кыштак айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкер Д.Сатвалдиев боюнча арызды кароо**

**Угулду:** Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов – Урматтуу кесиптештер, Кара-Суу райондук прокуратурасынан Кызыл-Кыштак айылдык кеңешине талапкер Д.Сатвалдиев талапкер катары Кызыл-Кыштак айылдык кеңешинин төрагасы кызмат ордун тапшырган жок деген арызы менен Кызыл-Кыштак айылдык кеңешине талапкер О.Токторалиева кайрылган.

Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы талапкер Д.Сатвалдиевдин тиешелүү документтерди алган. Д.Сатвалдиев өз маалыматында Кызыл-Кыштак айылдык кеңешинин төрагасы катары эч кандай айлык акы албагандыгы, коомдук башталышта болгондугу аныкталган.

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү" Мыйзамынын 17-беренесине ылайык Д.Сатвалдиевдин кызмат орду ыйгарым укуктарын токтотуп тура турган кызматтарга кирбейт.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо" жөнүндөгү Мыйзамынын ылайык Д.Сатвалдиевдин талапкерлигинин каттоосун жокко чыгаруу боюнча О.Токторалиеванын талабын канаатандыруудан баш тартуу жөнүндөгү сунушу добушка коюлду.

Сунуш добушка салынды:

**Макул – 14,** **Каршы – жок.**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Кара-Суу АШКсы күн тартибиндеги маселени талкуулап**
**Чечим кылат:**

1. Кызыл-Кыштак айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкер Д.Сатвалдиевдин талапкерлигинин каттоосун жокко чыгаруу талабы канааттандыруудан баш тартылсын.
2. Чечимди аткаруу жагы Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Ж.Молдожановага милдеттендирилсин.

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **К.Кимсанов**

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Ж.Молдожанова**